УДК: 378.2(575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-285-292

**СУЛАЙМАНОВА Р.Т., КАРАЕВА А.К.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**СУЛАЙМАНОВА Р.Т., КАРАЕВА А.К.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**SULAIMANOVA R.T., KARAEVA A.K.**
KNU Jusup Balasagyn

# УЛУТТУК НАРК-ДӨӨЛӨТТӨРДҮН ЖАШТАРДЫ АТУУЛДУККА ТАРБИЯЛООДОГУ ОРДУ

## РОЛЬ НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ В ВОСПИТАНИИ МОЛОДЕЖИ В ДУХЕ ГРАЖДАНСТВЕННОСТИ

## THE ROLE OF NATIONAL VALUES IN FOSTERING CIVIC EDUCATION AMONG YOUTH

**Кыскача мүнөздөмө:** Жаштардагы атуулдук сезимдерди калыптандыруу маселеси бүгүнкү билим-тарбия процессиндеги негизги маселелердин бири болуп саналат. Ушуга ылайык аталган макала мектеп окуучуларын улуттук нарк-дөөлөттөрдүнн, анын кору катары саналган элдик оозеки чыгармалардагы бийик идеялардын негизинде атуулдукка тарбиялоо маселелерин иликтөөгө арналды. Мында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 Жарлыгы менен бекитилген "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу доктринасы атуулдукка тарбиялоо ишине даярдоонун негизги документи катары каралды. Ушуга ылайык макалада мектеп окуучуларын улуттук маданий дөөлөттөр болгон элдик оозеки чыгармалардын негизинде атуулдукка тарбиялоо идеяларына талдоо жүргүзүү максаты коюлду. Улуттук рухий дөөлөттөр болгон элдик оозеки чыгармаларга талдоо жүргүзүү анын атуулдук тарбия берүү жаатындагы нарк-насилин аныктап, эзелки чыгармада бүгүнкү атуулду калыптандыруунун милдеттерине жарап бере турган баалуу идеялардын сакталгандыгын көрсөттү.

**Аннотация:** Вопрос формирования гражданских чувств у молодежи является одним из основных в современном образовательном процессе. В соответствии с этим, данная статья была посвящена изучению вопросов воспитания гражданственности школьников на основе национальных ценностей, высоких идей, заложенных в устном народном творчестве. При этом основным документом подготовки к работе по воспитанию гражданственности стала доктрина «Национальный дух - мировые высоты», утвержденная указом Президента Кыргызской Республики от 18 декабря 2024 года УП № 369. В соответствии с этим в статье поставлена цель провести анализ идей воспитания гражданственности школьников на основе устных народного народого творчества, являющегося национальной культурной ценностью. Анализ устного народного творчества, являющегося национальными духовными ценностями, выявил его ценность в области гражданского воспитания и показал, что в них сохранились идеи, которые могут служить задачам формирования современного гражданина.

**Abstract:** The issue of forming civic feelings among young people is one of the main issues in the modern educational process. In accordance with this, this article was devoted to the study of the issues of civic education of schoolchildren based on national values, high ideas embedded in oral folk art. At the same time, the main document of preparation for work on the education of citizenship was the doctrine "National Spirit - world heights", approved by Decree of the President of the Kyrgyz Republic dated December 18, 2024, UP No. 369. In accordance with this, the article aims to analyze the ideas of civic education for schoolchildren based on oral folk art, which is a national cultural value. The analysis of oral folk art, which are national spiritual values, revealed its value in the field of civic education and showed that they retained ideas that can serve the tasks of forming a modern citizen.

**Негизги сөздөр:** тарбиялоо; атуул; жаран; атуулдук тарбия; элдик оозеки чыгармачылык; эпос; макал-ылакаптар.

**Ключевые слова:** воспитание; гражданин; гражданское воспитание; устное народное творчество; эпос; пословицы и поговорки.

**Keywords:** education; citizen; civic education; oral folk art; epic; proverbs and sayings.

Коомдук жашоо-турмуш бүгүнкү күндө кыйла жабыркап, адамзатынын, өзгөчө жаштардын жан дүйнөсү, ой-сезими бузулууларга учурап турат. Адам баласынын адептик жүрүш-турушу ойго салып, ыймансыз, наркысыз аракеттердин уламдан улам күчөп бара жаткандыгын жашыра албайбыз. Улуттук акыл-эсибизге, аң-сезимибизге, жан дүйнөбүзгө жат болгон, салт-санаабызга, таалим-тарбиябызга, кулк мүнөзүбүзгө чак келбеген одоно, орой көрүнүштөрдүн саны арбып барат. Адамзаттын, айрыкча өсүү жолундагы жаш муундун жадында эгоцентризм уялап, улуттук баалуулуктарды чануу, өзүңдү жээрүү, башка өлкөлөргө суктануучулук, адепсиздик, жалкоолук, маңкурттук сезимдери калыптанып бараткан жаштардын саны барган сайын арбууда. Мамлекетибизде жаш муундардын жашоо-турмушу, тагдыры опурталдуу абалды жаратып, ырасында бул маселенин үстүндө ар бирибиз ойлоно турган учур келди. Анткени, дал ушул курактык мезгилинде балдардын арасында интернетке болгон көз карандылык, коомдук чөйрөгө аралашуудан коркуу (социофобия), депрессия, педофилиянын курмандыгы болуу, үй-бүлөлүк зомбулуктун запкысына кабылуу, өз жанын кыюу (суицид), бейбаштык, талап-тоноочулук, адам өлтүрүү, наркомания, адам уурдоо ж.б. биздин маданиятыбызга, кулк-мүнөзүбүзгө одоно көрүнүштөр барган сайын көбөйүп бараткандыгы белгилүү. Мындай жосунсуз окуялар жөнүндө массалык-маалымат каражаттарында, социалдык тармактарда күн сайын эмес, саат сайын кабарланып жаткандыгы жашыруун эмес. Ушундан улам учурда коомубуздун келечегин түзө турган жаш муундардын адеп-ахлактык кризиске туш келгендигин ачуу чындык экендиги талашсыз.

Мындай акыбалга келүүбүздүн себеби эмнеде экендигин карап көрөлүчү. Анын негизги себептери болуп: ата-эненин үй-бүлөнү багуунун айынан балдарына жетиштүү көңүл бурбай калгандыгы, алардын көбүнчө күнүмдүк көр оокат менен алек болуп калгандыгы; миграциянын капшабына кабылган ата-энелердин балдарын таштап чет жерлерге акчанын айынан кетип жатышы; мектеп, билим-тарбия берүү жайлары менен ата-эненин ортосундагы байланыштын абдан начардыгы; балдардын бош убактысынын туура уюштурулбагандыгы; балдардын жашоосунда интернеттин мааниси күчөп, өзү менен өзү виртуалдуу жашоодо жашап калгандыгы, социалдык тармактардан көбүнчө өнүгүүгө пайдасыз болгон маалыматтарга тартылып жаткандыгы; билим-тарбия мекемелеринде балдарды окутуу биринчи кезектеги милдет катары эсептелип, мындан улам тарбиялоо четте калып жаткандыгы; сабактардын тарбиялык маанисине реалдуу көңүл бурулбай жаткандыгы; класстык сааттарды өтүүдө тарбиялык мааанидеги темаларга эмес, көбүнчө окуучулардын мектептин ремонтуна, жабдууларына, класстык фондго карата чогултула турган каражаттар тууралуу сөз кылынa тургандыгы; ата-энелер чогулушунда окуучулардын сабакка катышуусу, жетишүүсү, жүрүш-турушу, жеке психологиялык абалы тууралуу айтылбастан, мектептеги жабдуулар, керектөөлөр тууралуу сөз болуп келгендиги, жалпылап айтканда, бул ата-эне, мектеп, коомчулуктун балага кайдыгерлигин көрсөткөн мындай кырдаалдар өтө көп.

Мына ушундай коомдо өкүм сүргөн моралдык-психологиялык туруксуздук инсандын руханий-адептик кулк мүнөзүн оңдоонун зарылдыгын күчөтүп жатат. Материалдык байлыкты башкы баалуулук катары эсептеген, бирок рухий көрөңгөсү, жан дүйнөсү жарды адам коомго чоң коркунуч алып келет деген ой жаңылыштык эмес. Ушул өңүттөн алганда, өсүп-өнүгүүнүн баштапкы багытын таза адеп-ахлакты, ниетти, пейилди, жан дүйнөнү калыптандыруудан аныктоо туура. Мына ошондуктан коомубуздагы башкы маселелердин бири катары бүгүнкү жаш муундарга билим жана тарбия берүү иштеринин негизги милдети болуп атуулдук ар-намысты бийик сактаган, коомдун кызыкчылыгы үчүн кам көрө билген, адеп-ахлактык сапаттары калыптанган, руханий аң-сезими таза, дүйнөлүк жетишкендиктер менен улуттук баалуулуктарды айкалыштыра алган, өзүн өзү өнүктүрүүгө ар дайым аракет жасаган, сергек жашоо образын түзө алган, ден соолугу бекем, жигердүү, ар бир ишке чыгармачылык менен мамиле жасай билген инсанды калыптандыруу көрсөтүлгөн.

Бул жоболор Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө”, “Дене тарбия жана спорт жөнүндө”, “Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө” мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу доктринасын [1], “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” [2],

Улуттук нарк жөнүндө Жарлыктарын жана 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясын жетекчиликке алуу менен иштелип чыккан Кыргыз Республикасында инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу концепциясында [3] камтылган.

Окумуштуу-педагог С.К. Рысбаев: "Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 2-сентябрындагы Жарлыгы менен бекитилген "Улуттук нарк" программасындагы өзөк катары алынган төрт багыт боюнча: 1) нарктуу инсанды тарбиялоо; 2) нарктуу инсандан- нарктуу коомго; 3) нарктуу рухий маданиятты бекемдөө; 4) нарктуу материалдык маданиятыбызды сактоо жана коргоо түшүнүктөрү тууралуу белгилеп, алардын бири-бири менен тыгыз байланышта жүрүп жана тыгыз байланышта ишке ашырылганда гана натыйжага ээ болушубуз мүмкүн" [4] деген оюн билдирет.

С.Ж. Мусаев мындай деген пикирди бекемдейт: "Коомду бүтүн бир организм, тулку бой дей турган болсок, руханий-нравалык адеп-ахлак, нарк-насил, улуттун духу анын жүрөк толтосу, жаны деп бааласак болот" [5]. Ал эми улуттук баалуулуктарга таянуу менен салттуу руханий-адеп-ахлактык, моралдык нормаларды кармануу аркылуу тарбия ишин жүргүзүүнүн негизин биринчи кезекте мугалимдин этнопедагогикалык даярдыгы түзөт. Бул ойлорду кыргыз этнопедагогикасынын негиздөөчүсү А. Алимбековдун төмөнкү пикири бекемдейт: "Этнопедагогикалык даярдык - бул тарыхый эс тутуму, инсандык нарк нускасы жетик, өз улутунун руханий дөөлөттөрүнө сыйчыл мамилеси, аны өздөштүрүү дымагы жогору, өзүн өткөн менен келечекти туташтырып туруучу көпүрө катары даярдоого карата сезим туйгулары реалдуу иш-аракеттери менен айырмаланган инсандарды тарбиялоо жаатындагы мугалим үчүн зарыл билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн тутуму. Этнопедагогикалык билим берүү - жогорку квалификациялуу адис педагогдорду даярдоо системасынын ажырагыс звеносу, компоненти. Мугалимдин этнопедагогикалык даярдыгы, бир тараптан, инсандын этномаданий нарк-дөөлөттөрүн калыптандырууга багытталса, экинчи жактан, чыныгы элдик мугалимдин турмуш образынын мүнөздөмөсү болуп саналат" [6].

Адамзат жаралгандан тартып аны тарбиялоо, туура калыптандыруу маселеси келип чыккан [18]. Балдар аталардан тарбиялуу, кийинкилер мурункулардан адептүү болушу керек дешкен. Кайсы өлкөдө, элде, улутта, урууда өсүп келе жаткан кийинки муунду адептүү, ыймандуу, тарбиялуу кылып калыптандыра албаса, ал өлкөнүн, элдин, улуттун, уруунун келечеги бүдөмүк, барар багыты илгери болбойт деген кеп бар эл ичинде. Чыгыш даанышмандыгында: "Адеп – улуу таажы, аны кийгин да, кайда барсаң бара бер" деп айтылган. Кеп ошол адеп таажысына ээ болууда. Анын жолу көп жана татаал, аны бешиктен табытка чейин издөө туура келет жана аны миңдеген кишилердин жардамы менен гана таба аласың" – деп белгилейт көрүнүктүү педагог А.Ж. Муратов [7]. "Перзентинин жагымсыз ишинен ата-эне бүгүн ыйласа, бойго жеткенде анын кылмышына коом ыйлайт. Эмнеликтен ушундай болду? Перзент качан сиздин мээримиңизге зар болгонун билесизби? Баланы урушуп, кагып-силкцениңизде, урганыңызда, кубанычтуу кабарды жеткирмекчи болуп ооз ачарда "унчукпа", "башымды оорутпа", "ишим көп" деп кагып таштаганыңызда ал сиздин мээримиңизге зар болгон. Перзент сизге кичинекей адамча түрүндө берилди. Туулганда эч нерсени билбейт эле. Чоңойгон сайын анын мүнөзүндө көрүнгөн жаман кулк мүнөздөр өзүңүздүн пейилиңиз, мүнөзүңүз. Андан эмнени көрүп турган болсоңуз, сиз анын рухуна жазып койдуңуз" [7]. Мына ошондуктан, тарбиялоо ишин жүргүзүү биринчи кезекте үй-бүлөдөн башталып, мындан кийин гана билим-тарбия берүү жайларынан улантылары анык иш. Ал эми мектептен баланын туура тарбияланышы ага сабак берген ар бир мугалимден көз каранды. Андыктан мугалим өзү адеп парасаты бийик, нарк-насилди туу туткан инсан болуусу кажет. Бала тарбиялоо ишине ал өмүр бою даярданышы керек. Ушуга ылайык, жаш жеткинчектерге татыктуу тарбия берүү ишине эң оболу келечектеги мугалимдик кесипке даярдоо этабынан баштоо максатка ылайык болот деген пикирди бекемдегибиз келет. Анткени жогоруда айтылгандай, тарбия берүү ишине мугалим өзү мыкты даярдыкта болуусу абдан маанилүү. Эгерде болочок мугалим студент мезгилинен тарбиялоо ишине жакшы даярдалса, ал ата-эненин да, мугалимдин да милдетин бирдей аркалап кетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алат. Ушул жагдайлар мугалимдик кесипке даярдалып жаткан студенттерди адептик бийик нарк-насилге каныктыруу менен балдарды тарбиялоо ишине даярдоо маселесин иликтөөгө өбөлгө түздү.

Жаштарды атуулдукка тарбиялоонун илимий-теориялык аспектисине кайрыла турган

болсок, кыргызстандык педагог-окумуштуулар А. Алимбеков [6], Н.А. Асипова [8] атуулдукка тарбиялоого карата дүйнө жүзүндөгү ааламдашуу, маалыматташуу, технологиялашуу, аралыктан окутуунун шартында талап-милдеттердин күчөтүлгөндүгүн, ага карата жаңыча көз караш, мамиленин жаралгандыгын, муну менен катар аны улуттук өзгөчөлүктөр, кулк мүнөз, психология, баалуулуктар, элдик тарбия салттар менен айкалыштырып ишке ашыруунун маанилүүлүгүн белгилешет.

Белгиленген шарттарга жараша педагогикалык изилдөөлөргө илимий-теориялык талдоо жүргүзүүлөрдүн жыйынтыгы азыркы замандын мугалимине коюлган бир катар талаптардын ичинен балдарды бийик адамзаттык идеалдарга каныктырган, рухий кенч-казынасы бай, ыймандык-адептик парасаты бийик, ички дүйнөсү таза, ар дайым өнүгүүгө бел байлаган адам катары калыптандырып, өстүрүү милдетин коет. Мындай аракет мугалимдин өзүнүн адеп-ахлактык сапаттарына талап коюп, келечек ээлери болгон балдарга адеп-ахлактык жактан тарбия берүү, дени сак жашоо мүнөзүн калыптандыра билүү жүгүн артат. Бул милдеттерди ишке ашырууда адеп тарбиясы, руханий адептик жактан тарбиялоо, дене тарбиясы түшүнүктөрүн талдап көрсөк:

“Кыргыз педагогикасы” энциклопедиялык окуу куралында: “адеп тарбиясы –адамдын коомдогу моралдык аң-сезимин жашоодогу максатка жараша калыптандыруу, ызааттуу жүрүм-турум көнүмүштөрүн пайда кылуу, ошондой эле өз элинин үрп-адаттарынын прогрессивдүү үлгүлөрүн сактоого, байытууга, башка улуттардын салтын урматтоого тарбиялоо” [9] деп сыпатталган. Жогорудагы түшүнүктөргө карата “руханий - адептик жактан тарбиялоонун максатын катары – жан дүйнөсү өз элинин түптүү руханий асыл нарктарына сугарылган, коомдук мамилелердеги ак менен караны даана ажырата билген, демократиялык коомдун баалуулуктарын жана идеалдарын урматтаган, эл-журт жана мамлекет алдындагы атуулдук парзын абийирдүүлүк менен аткара алган, коомдук активдүүлүгү, атуулдук позициясы айкын, көп маданияттуу чөйрөдө мунаса күтүп жашай билген, көтөрүмдүү, толеранттуу, адал эмгек, ак мээнет менен жашоого умтулган, ар намысы бийик, эмгекчил, чынчыл, элчил, өзүнүн жана башкалардын саламаттыгын сактоого, өнүктүрүүгө ыкластуу мекенчил инсандарды калыптандыруунун шарттарын аныктоо” [10] деген ой корутундусу чыгат.

“Бул максат өз ара тутумдаш төмөнкүдөй милдеттерди аткаруу аркылуу жүзөгө ашат:

- улуттук жана жалпы адамзаттык маданиятка таандык руханий адептик түшүнүктөрдү калыптандыруу;
- адептик ишеним, ынанымдарды калыптандыруу;
- адептик сезимдерди өнүктүрүү, тарбиялоо;
- жүрүм-турумда жекече жана коомдук нарк-насилге төп келген көндүм адаттарды жана билгичтиктерди калыптандыруу” [10].

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын “Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик” уңгужолу доктринасы болочок жаштарды атуулдукка тарбиялоо ишинде идеологиялык куралы катары кызмат кыла турган эң баалуу документ. “Уңгужолдун негизги максаты - мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттардын ишин бир нукка салуу менен нарктуу, мекенчил, жоопкерчиликтүү жарандарды калыптандырып, кубаттуу мамлекет куруу” болуп саналат. Анда “кыргыз жараны” түшүнүгү “баалуулук, ишеним, таяным жана идеалдар тутумунун жандуу алып жүрүүчүсү; үлгүлүү жүрүм-турум ченемдерин күндөлүк жашоо тартибине айландырган адам” [1] катары сыпатталып, доктринада анын эң негизги баалуулуктары белгиленген. Уңгужолдун негизги багыттарынын эң биринчиси катары “таалим-тарбия, илим, билим жана маданият” [1] көрсөтүлүп, анда “жарандардын нарк талабына ылайык таалим-тарбияга, заманбап илим-билимге, жогорку маданиятка ээ болуусу жана өнөр-кесип үйрөнүүсү үчүн үй-бүлө, коом жана мамлекет үчилтиги бирдей кам көрүүгө милдеттүү” [1] экендиги баса көрсөтүлгөн. Бул боюнча “токтоосуз колго алынуусу жана үзгүлтүксүз улантылуусу керек болгон милдеттердин бири катары: - таалим-тарбия берүүдө улуттук нарк баалуулуктарына артыкчылык берилиши жана анын жаңы тажрыйбалар менен байытылышы” [1] көрсөтүлөт.

Жогоруда белгиленген тарбиялык иш-аракеттер "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу доктринасын ишке ашырууга, болочок мугалимдерди руханий-адеп-ахлактык тарбияга жана дени сак келечекти калыптандырууга өз салымын кошо ала турган келечектүү мугалимдерди даярдоого карата жасалып жаткан аракет, тажрыйба катары маалымдалды. Аны кеңейтүү, байытуу болочок мугалимдерди даярдап жаткан окуу жайлардын

алдына коюлган негизги милдети. Бул багытта "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу доктринасы жаштарды атуулдукка тарбиялоо ишине даярдоонун идеологиялык куралы болуп саналат.

Өз улуттук кыртышынан өнүп чыкпаган, өзөк тамырына жана тарыхый тажрыйбасына таянбаган бир дагы өлкө, дегеле гүлдөгөн мамлекет боло алган эмес, боло да албайт. Келечек тууралуу ойлонгондо муундан муунга мурас болуп келген маданий уюткубузга кайрылбасак болбойт. Биздин тилегибиз, ниетибиз, аракетибиз тарыхтан таалим үйрөнүп, өткөндүн үлгү алар өрнөктөрүн өздөштүрүп, аларды бүгүнкү күн менен байланыштырууда турат.

Элдин элегинен өткөн нуска сөздөр, оозеки чыгармалар эзелтен бери эле калайык калктын өзүндө, алардын сүйлөгөн сөзүндө жашап, адептүүлүккө, адилеттүүлүккө, ар-намыстуулукка, адамзаттагы эң жакшы сапаттарга үндөө үчүн кызмат өтөп келген.

Элдик чыгармалар адеп жаралганда эле анын түздөн-түз көздөгөн максаты элди, айрыкча жаштарды тарбиялоо болгон. Мына ошондуктан эл аларды тарбиялоочу негизги каражат катары пайдаланган.

Элдик оозеки чыгармаларды элдик педагогиканын негизги булагы катары карап, педагогика илиминин ири тармагы – этнопедагогикага негиз салган чуваш окумуштуусу Г.Н. Волковдун пикири боюнча да “ элдик оозеки чыгармачылык элдик педагогиканын тереңинде жаткан элдин акыл жана күчүн, анын нравалык идеалдарын алып жүрүүчү катары педагогикалык каражат боло алат” [12, 268].

Ошондой эле А.Алимбековдун аныктоосунда: “...элдик фольклор өзүнүн интеллектуалдык, этикалык, эстетикалык баалулугу менен ошол элдин рухий керектөөлөрүн канааттттандырат жана инсандын өз улутуна карата сыймыктануу сезимин калыптандырат” [11, 9].

Мына ошондуктан, бүгүнкү жашообуздагы эң керектүү болгон атуулдук тарбиянын башаты мына ушул улуттук маданиятыбыздан башталарын ачык далилдөө мүмкүнчүлүгү бар.

**“Манас” эпосунун жаш муундардагы атуулдук сапаттарды калыптандыруучу күчү.** Түрдүү элдердин өкүлдөрү тарабынан иштелип чыгып, бүт адам баласына таандык болгон мыкты көркөм табылгалардын жалпы казынасына кыргыздар кошкон салымдын көрүнүктүүлөрүнүн бири "Манас" эпосу. Ал ата-бабаларыбыздын урпактарына калтырган ыйык мурасы, элибиздин улуттук сыймыгы.

Кыргыз тил илиминин калыптанышына жана өнүгүшүнө бараандуу салымын кошкон кыргыз элинин ири окумуштууларынын бири Б.М. Юнусалиевдин пикири боюнча: “Жүздөгөн жылдар бою кыгыздар үчүн бул эпос таалим алуучу роман-китептин, таасирдүү сахнанын жана экрандын, өткөндү эске салуучу тарых китебинин милдетин аткарып келген. Жомокто кең орун алган патриотизмдик идеянын, эл достугу, баатырлык достук, адилетүүлүк, чыккынчыларды, эзүүчүлөрдү жек көрүүчүлүк, эл эркиндигин көксөө, эркин махабат сыяктуу жалпы адамзаттык идеялардын качан да болсо тарбиялык мааниси жоголбойт” [13, 6].

Жогорудагыдай пикирлерден кийин “Манас” эпосунда атуулдук билим-тарбия берүүнүн камтылгандыгын аныктоого болот.

Биздин элде адатта ар бир адам үчүн туулуп өскөн эли-жери нагыз атуулдуктун жана ар-намыстуулуктун соолбос булагы болгон. Кыргыз баласы эзелтен эле “Элим үчүн жаным курман” деп бекеринен айткан эмес да. Эненин сүтүн актоо баланын мойнундагы парз сыяктуу, элге ак кызмат кылуу, Ата Мекенин коргоо дагы ар бир атуулдун айныгыс милдети эмей эмне. Бул болсо биздин “Манас” баштаган маданий дөөлөттөрүбүздүн дээрлик бардыгында эле чагылдырылат. Манасты жана анын чоролорун эл-жер үчүн ажалдан кайра тарттырбай алга сүрөгөн улуу күч да ушул болгон.

“Жоого намыс бергиче,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Малым менен жанымды
Олжого кантип берейин.
Өлбөй тирүү жүргөндө,
Не мураска жетейин
Кырк үйлүү кыргыз журт үчүн
Курман болуп кетейин”[14, б. 88] деп, алар Ата-Журттун ар-намысы үчүн кара башын канжыгага сайып коюшкан.

**Кенже эпикалык чыгармалардын мазмунундагы учурдагы атуулду тарбиялоо маселесине болгон үндөштүк.** Ыр түрүндөгү эпос кыргыз элинин оозеки поэтикалык чыгармачылыгынын өнүгүшүнүн өзгөчө жыйынтыгы, кайталангыс каймагы экендиги талашсыз.

“Курманбек” эпосунда деле ыйык патриотизм сезими “Манастан” кем чагылдырылган эмес. Мисалы, эпосто Курманбектин патриоттук дымагы мындайча мүнөздөлөт:

“Жалындуу эрдин белгиси,

Жалтанбай тосот жоо бетин.
Касташкан душман көп экен
Калкалайык эл четин [15, б. 90-93].

Мына ошентип эли-жерин кас душмандарынан коргойм деп бет алган баатырдын согуш майданындагы ажал тапкан трагедиялуу тагдыры жөн жай эпикалык окуя эмес, өз доорунун тарыхый шартында калктын ой-сезимин ээлеп, үмүт-тилегин, учурдун проблемасын өз аймагына батырып турган реалдуу маселе.

"Жаныш, Байыш" – кыргыз элинин өз азаттыгын, эгемендүүлүгүн коргоп, кылым карыта калмак, кытай төбөлдөрүнө каршы согушуп келген баатырдык күрөшүн, калктын тарткан азап-тозогун, ый-муң, оор жоготууларын көркөм баяндап, калк сезимине таасын жеткирген баатырдык тарыхый эпос.

"Жаныш, Байыш" эпосундагы эң негизги идея бул – патриотизм. Ал чыгармада мындайча берилет:

"Түмөн кол тосуп жатса да,
Кытайдын жолун чаламын,
Айдың- Көлдөй жеримди
Ажыратып аламын". [16, б. 397]

Кыргыз калкы өз эгемендүүлүгүнө ээ болуп, Ата-Журттун эркиндиги, азаттыгы курч коюлуп турган азыркы мезгилде калк кызыкчылыгын, мүдөөсүн ыйык тутуп, туу көтөрүп, эл үчүн ажалга башын байлап, мөндүрдөй жааган мылтык огуна көкүрөгүн тосуп жалтанбай барган кыргыздын Жаныш, Байыштай баатыр каармандары, атуулдары бүгүнкү жаштарыбыздын патриоттук сезимдерин ойготуп, эли-жеринин чыныгы атуулу болууга шыктандырат.

Биз токтолуп жаткан атуулдук сапаттардын эң негизгиси бул- патриоттуулук. Ал эми патриоттуулук түшүнүгүн чечмелөө бул Ата Мекендин, жашап жаткан өлкөңдүн кызыкчылыгын ойлоо, аны сүйүү сезимдери менен түшүндүрүлөрүн белгилегенбиз. Мына ошентип, оозеки чыгармачылыктын күрдөөлдүү өнүккөн түрлөрүнүн бири болгон эпостор (жомоктор) азыркы учурда тарбиялык маанисин арттырбаса, кемиткен жок.

**Макал-ылакаптардагы атуулдукка тарбиялоо идеяларынын берилиши.** Элдик оозеки адабияттын эң байыркыларынын бири- макалдар менен ылакаптар көрүнүктүү орунда турат. Эл макал-ылакапты "сөздүн гүлдөрү", "адам оюнун каймагы", "сөз килеми" деп бекеринен атаган эмес.

Макалдардагы акылман тыянактар дидактикалык тыянак катары кызмат өтөйт. Дал мына ушул эбегейсиз даанышман ойлорду бир-эки сап менен сыпаттаган бул накыл кептерде жаш муундарды атуулдукка тарбиялоонун да уюткусу бар.

Жаштарды атуулдукка тарбиялоону макалдар өз мазмунуна камтыйт. Алсак, кыргыз элинин кыска сөз менен орошон ойлорду билдирген накыл кептеринде патриоттуулук сезими тууралуу күчтүү айтылат: "Мекенден айрылганча, өмүрдөн айрыл", "Ата-Журтуң – алтын бешик", "Эр намысы- эл намысы", "Элин коргоп жоо сайган баатыр аталат", "Элиңди жаман көрсөң элге кантип батасың? Жериңди жаман көрсөң көргө кантип батасың?", "Эр элдин оң жагынан каалоосу, жел жагынан паанасы", "Эрендер элдин четинде үзөңгүдөн жан берет", "Ээк астында элди ойло", "Шамал болот десе, үйүңө аркан сал, жоо келет десе, колуңа кылыч менен калкан ал", "Эл башына түшкөн түн – эр башына түшкөн түн", "Эл – эне, жер-ата", "Эл четинде жоо жоолап, курман болгон жигитти, өлдү деген жалган кеп", "Өпкөдөн соккон жел жаман, элинен безген эр жаман", "Элин сагынбас эр болбойт", "Жакыныңа жат болбо, өз элиңе кас болбо", "Жаман жигит жан сактайт, жакшы жигит эл сактайт", "Жанын баккан жарыбайт да марыбайт, элин баккан арыбайт да карыбайт", "Жекен жеринде көгөрөт, эр элинде көгөрөт", "Жаздыктан өлгөн жаманат, жоодон өлгөн салтанат", "Жакшы көргөн досунан мал аяган жигитпи, эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи?!", "Ар кимдин туулган жери өзүнө мисир" ж.б. [17, б. 21-42].

Демек жогоруда келтирилген мисалдар макал-ылакаптардын жаштарды тарбиялоодогу ролун күчөтүп, өзгөчө атуулдукка калыптандыруучу үчүн зор мааниси бар экенин далилдейт. Аларды турмушта туура пайдалана билсек, жаш муундардын атуулдук сапаттарынын калыптанышына чоң өбөлгө түзүлөрү шексиз.

Өлкөбүз эгемендүүлүгүн колуна алып, өзүнчө өнүгүү жолуна түшкөн тапта мамлекет тагдырын ойлогон, улут камын көздөгөн, анын өнүгүшүнө өз салымын кошо алган уул-кыздарды тарбиялап, өстүрүү, аларды келечектин чыныгы атуулу катары калыптандыруу ар бир ата-эненин, педагогдун, жалпы коомчулуктун биринчи милдети.

Кыргыз элинин турмушунда атуулдукка тарбиялоо маселеси илимий жактан далилденбесе да кадимки таалим-тарбия иштеринде кадыресе колдонулуп келгендиги элибиздин тарыхы аркылуу ырасталат. Улуттук рухий дөөлөттөр болгон элдик оозеки чыгармаларга талдоо жүргүзүү анын атуулдук тарбия берүү жаатындагы нарк-насилин аныктап, эзелки чыгармада бүгүнкү атуулду

калыптандыруунун милдеттерине жарап бере турган баалуу идеялардын сакталгандыгын көрсөттү.

**Список использованной литературы**


1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 Жарлыгы менен бекитилген "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу доктринасы / https://cbd.minjust.gov.kg/18-11/edition/23328/kg
2. Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгы / http://www.president.kg/kg/okujalar/18510_prezident_sadir_ghaparovdun_insandin_ruhaniy_adep_ahlaktik_ngs_ghana_dene_tarbiyasi_ghnnd_gharligi
3. Окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясы / https://edu.gov.kg › media › files
4. Рысбаев С.К. Тарбия жана мамлекеттин өнүгүүсү: “мугалим коомду өзгөртөт» https://www-old.knu.kg/ky/images/stories/2023/05_2023/30/forum/rysbaev.pdf
5. *М*усаев С.Ж. “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” жөнүндө концепциянын зарылдыгы. / https://kutbilim.kg/analytics/inner/insandyn-ruhaniy-adep-ahlaktyk-n-g-s-zhana-dene-tarbiyasy-zh-n-nd-kontseptsiyanyn-zaryldygy/
6. Алимбеков А. Жогорку педагогикалык окуу жайларда этнопедагогикалык билим берүүнүн мазмунун иштеп чыгуунун теориялык негиздери. / https://libraryiksu.kg/public/assets/upload/vestnik/1272_IGU_ALIMBEKOV_2011-30.pdf5ec205ebc5aad.pdf
7. Акматов К., Маматов Т. Балам мыкты болсун десеңиз. Ата-энелер үчүн кеңештер. 2-бас. – Б.: 2020. – 272 б.
8. Асипова Н.А. Заманбап билим берүү парадигмалары. / ЖОЖдордун педагогика багытындагы магистратура, аспирантура жана докторантура деңгээлиндеги студенттер үчүн окуу куралы. / Н.А. Асипова. – Б.: 2019. – 362 б.
9. Кыргыз педагогикасы (энциклопедиялык окуу куралы) Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.. - Б.: 2004. / https://ky.wikipedia.org/wiki
10. Сулайманова Р.Т. Болочок мугалимдерди окуучуларды руханий-адептик жана дене бой жактан тарбиялоого даярдоо маселелери. Ош.: А. Мырсабекова атындагы ОМПУнун Жарчысы, 2021. Номер: 1 (17). 26-34-б. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_49457293_23334329.pdf
11. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. 1-бөлүк Б., 1996, - 69 б,
12. Волков Г.Н. Этнопедагогика. / Под ред. И.Т. Огородникова. -Чебоксары. , 1974. - 213 с.
13. Манас: Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. / Жалпы ред. Б.М.Юнусалиев. -Ф.: Кыргызмамбас, 1958. - 366 б.
14. Манас: Эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча -Ф.: Кыргызстан, 1984. 1-китеп. - 248 б.
15. Курманбек, Сейитбек: Эпостор / А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. «Эл адабияты» -Б.: Шам, 1998. 5-том. – 494 б.
16. Жаныш, Байыш: Эпос. «Эл адабияты» сериясы. -Б.: Шам, 1998. 4.т. – 246 б
17. Кыргыз макал-лакаптары / Түзгөн жана баш сөзүн жазган Ш. Усупбеков. Ф.: Кыргызстан, 1982. – 222 б.
18. Kaldybaeva, A.T. Current problems of quality assurance for the formation of general professional competences of future teachers of history / A. T. Kaldybaeva, M. A. Muratalieva, R. T. Sulaimanova // New institutions for socio-economic development: The change of paradigm from rationality and stability to responsibility and dynamism, 2021. – P. 125-131. – DOI 10.1515/9783110699869-013. – EDN WMYCLK.


**Рецензент: п.и.д., профессор Мамбетакунов Э.**